**"БЕКИТЕМИН"**

Б.Осмонов атындагы Жалал -Абад

мамлекеттик университетинин

ректору, т.и.д., проф

_________ К.Ж Усенов

"28" __04__ 2021-ж.

Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д.07.21.628 диссертациялык кеңеши Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын ***"Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты" (XIXк. аягы - XXк. башы)*** деген темадагы **07.00.07. Этнография, этнология жана антропология** адистиги боюнча тарых илиминин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын ачык коргоого карата жетектөөчү мекеме болгон Б.Осмонов атындагы Жала-Абад мамлекеттик университетинин "Тарых" кафедрасынын

## ПИКИРИ

### 1.Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.

Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын ***"Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү төю салты" (XIXк. аягы - XXк. башы)*** деген темадагы **07.00.07. Этнография, этнология жана антропология** адистиги боюнча тарых илиминин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасын талкуулап, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик. Диссертациялык иш кыргыз этнология илиминде алгачкы ирет изилденген иштердин катарына кирет. Тандалып алынган тема терең жана ар тараптан изилдөөлөрдү талап кылган, актуалдуу жана илимий-теориялык, практикалык жактан мааниси бар проблемалардын катарына кошулат. Чындыгында, дүйнөдөгү ааламдашуу жана илимий-техникалык жүрүм элдердин маданиятындагы жана жүрүм-турумундагы, үй-бүлөлүк салт-сананы бирдейликке алып барып, өзгөчөлүктөр

убакыт өткөн сайын жоюлуп бараткандыгы байкалууда. Диссертант эмгегинде белгилеп көрсөткөндөй, этнологиялык изилдөөлөр Кыргызстандын аймагынан тышкары жашаган кыргыздардын (Кытай, Ооганстан, Өзбекистан, Тажикстан ж.б.) арасында материалдык жана руханий маданияттын салттуу этностук өзгөчөлүктөрү көбүрөөк сакталгандыгын, ошол эле мезгилде ал өзгөчөлүктөрдүн айрымдары Кыргызстанда жашаган кыргыздардын арасында жоюлуп калгандыгын белгилеп өтөт. Чет жактагы жашаган кыргыздардын маданиятын, турмуш-тиричилигин, чарбасын изилдөө жалпы эле кыргыздардын этностук тарыхын жана маданиятын ар тараптан жана терең изилдөөгө жардам берээрин анализдеген.

Тажикстан Республикасынын чыгыш жагында жайгашкан Тоолуу-Бадахшан автономиялуу облусунуна караштуу Мургаб району, бийик тоолуу, климаттык шарты өтө татаал, деңиз деңгээлинен 4700 м. жогору бийиктикте орун алган, "Сары-Кол'' деп аталган өрөөндө обочолонуп жашап калган кыргыздардын салыштырмалуу өзгөчөлүктөрү бар экендигин талаа этнологиялык экспедициясында ар кандай методдордун жардамы менен XIX к. аягы - XX к. башындагы Памир (Сары-Кол) кыргыздарынын үйлөнүү тоюндагы үрп-адатын жана салт-санааларын терең изилдеген.

Сары-Кол өрөөнүндө жаңы үй-бүлө куруу бир үй-бүлөнүн жеке иши же окуясы болгон эместиги, жаштарды баш коштуруу, жаңы үй-бүлөнү куруу жана аны коомго тартуулоо жалпы бир туугандардын, уруктун чоң окуясы болгондугун, келечекте жаштардын турмушун куруу, алардын никесин кыюу жалаң гана алардын тагдырын чечпестен, бул аркылуу ата-энелер озүлөрүнүн коомдогу ордун да бекемдөөгө аракет кылышкандыгы, келечектеги келинди тандоодо ата-эненин ролу чоң, ал эми жаштардын каалоосу экинчи орунга тургандыгы кеңири жазылган.

Сары-Колдо кудалуушунун түрдүү формалары ата-энелеринин алдын ала келишими боюнча түзүлгөн: төрөлө элек балдарды кудалаштыруу - «белдегини кудалоо», бешиктегилерге макулдашуу - «бешик кетти», жашы кичинелерди кудалоо - «баш байлоо», өспүрүмдөр үчүн «кудалашып коюу» жана ошондой эле

жашы жеткендерди кудалоо - «куда түшүү», Сары-колдук кыргыздарда «ала качуу» никелешүүнүн формасы катары жашаган эместиги, ала качууга катуу тыюу салынгандыгы, уул үйлөп, кызды күйөөгө узатуу ата-энелеринин өз ара макулдугу менен гана жүргүзүлгөндүгү изилденип жазылган.

Расмий кудалашуу «куда түшүү», «бата той» (калыңдын өлчөмү жөнүндө келишим), «сырга салуу» жана аларга байланышкан жөрөлгөлөрдөн тургандыгын, «бата той» уюштурулуп, калың өлчөмү макулдашылган соң, септин көлөмү да тиешелүү түрдө ушундай өлчөмдө болгондугун жазган. Үйлөнүү тойдун кийинки жөрөлгөсү - «нике той» колуктунун атасынын үйүндө өткөрүлүп, анда «куржун», «кайнене чыкпас», «тогуз табак», «сырга салды», «чач сылаар», «келин покчо», «күйөө жанчи», «күйөө баланын маңдайын тердетүү», «нике кыюу» ж.б. көп салттык үрп-адаттар менен коштолгондугу, үйлөнүүнүн бардык үрп-адаттуулугунун маңызын ар түрдүү мүнөздөгү каада-салттардын топтому түзүп, ал эми жөрөлгөлөр, үрп-адаттык бул топтомдор түрдүүчө кооз жана терең мазмундуу бөлүгү болгондугун көрсөткөн.

Үйлөнүү салтанатынын өзү татаал үрп-адатка ээ болуп, ичине салттуулукту да, көптөгөн оюн, чоң тамаша-мелдештерден турган «кыз оюнду» оюн-зооктук учурду камтылган жана улуттук оюндар ойнолгондугу, элдик оозеки чыгармалардан, арзуу жанрындагы ырлар кеңири жазылган.

Негизги үйлөнүү той колуктунун атасынын үйүндө гана өткөрүлүп, күйөө бала бир канча күнгө чейин ошол үйдө жашагандыгы, андан кийин «кыз узатуу» үрп-адаты өткөрүлүп, күйөө баланын үйүнө келишкендиги өзгөчө белгилеп кеткен.

Чыгыш Памир кыргыздарынын тойдогу жана күнүмдүк жашоодогу тамак-ашы сүттөн, эттен, ундан экендиги алардын жашоо-шарты жана чарбасы менен тыгыз байланышкандыгы, Сары-Кол кыргыздарынын үйлөнүү тойлорундагы тамак-аштын түрдүүлүгү, атайын тойго арналган кийим- кечелер, эң оболу, чач жасалгасы жана чачтын үстүндөгү чач кап, каляктын саймалары жөнүндө кеңири жазган. Элдик оозеки чыгармачылык жана фольклордун кеңири жайылтылышы, колдонулушу сары-колдук кыргыздардын үйлөнүү үрп-

адаттарындагы өзгөчөлүктөрдүн бири болгон кошок, өлөң ырлары сыяктуу түрлөрү менен тойлорду коштолгондугу терeңдетип жазылган.

Чыгыш Памир кыргыздарынын үйлөнүү тоюнан кийин ар кандай салттуу жөрөлгөлөр «сандык ачты», «жүк жыйды», «чөмүч карматты» жөрөлгөлөрү аркылуу жаш келин өз кайненесинен ашкана жумуштарын аткарууга макулдук алган; «күйөө баланы жүгүнтүү» - күйөө бала колуктусун жакшы тарбиялап өстүргөнү үчүн жеңеге жүгүнүп ызаат көрсөткөн; «күйөө чакырды» - күйөө баланы колуктусунун ата-энесинин үйүнө күйөө бала катары расмий чакырылуусу; «ата көрдү» - колуктунун жакын туугандарынын жаш үй-бүлөнүн ата-энесинин үйүнө баруусу ж.б. жөрөлгөлөр кеңири баяндалып жазылган.

Үйлөнүү салтын изилдөө кыргыздардын салттык турмуш-тиричилик маданиятындагы үй-бүлөлүк, никелик мамилелердин өнүгүүсүн изилдөөдө баалуу тарыхый булак болоорун жана ошондой айрым ырым-жырымдардын өзгөрүп жатканына карабастан, үй-бүлөлүк салт-санаа эволюциялык жаңылануунун таасири астында ушул кезге чейин өзүнүн өзгөчөлөнгөн этностук мүнөздөрүн сактап келгендигин топтолгон малыматтардын негизинде диссертациялык иш жазган.

Диссертант Мургаб районунда жашаган 15 миңден ашык кыргыздардын салттуу маданиятын ар тараптан этнологиялык изилдөө зарыл экендигин белгилеп, XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы Памир (Сары-Кол) өрөөнүндө жашаган кыргыздардын салттык үйлөнүү тою ушул күнгө чейин атайын этнологиялык изилдөөнүн обьектиси болбогондугу, дагы теманын актуалдуулугун көрсөтүп турарын белгилеп өткөн.

**2. Диссертацияларга коюлган талаптардын чектериндеги иштин илимий жаңылыктары.**

Бийик тоолуу, географиялык абалы, жашоо шарты катаал, кыргыздардын негизги массасынан оолак жашаган жана алар менен ар тараптуу байланыштары салыштырмалуу солгун болгон Сары-Кол өрөөнүндө жашап келе жаткан кыргыздардын XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы үйлөнүү тою,

андагы салттары, үрп-адаттары жана жөрөлгөлөрү өзүнчө жана атайын алгачкы жолу изилденген.

Эң алгач, ата-энелер өздөрүнүн уул - кыздарына жубай тандоодо белдүү үй-бүлө, белгилүү урук, тектүү жер менен туугандашууга жана өздөрүнө туура келген социалдык катмардан куда күтүүгө аракет жасашкандыгы аныкталган.

Кыз менен жигиттин ата-энелери тарабынан алдын ала түзүлгөн келишим жана макулдашуу боюнча жүргүзүлгөн никелешүүнүн түрдүү формалары «белдеги кудалоо», «бешик кетти», «баш байлоо», «кудалашып коюу», «кудалашуу» ачып көрсөтүлгөн.

Калыңдын өлчөмү, түрлөрү жана анын аныкталышы келечектеги кудалардын социалдык-экономикалык абалына жараша болгон жана ал негизинен мал түрүндө берилгендиги ачыкталган.

Колуктунун үйүндөгү той өткөрүү өзгөчөлүгү жана андагы «туз татым», «куржун», «тогуз табак», «кайнене чыкпас», «сырга салды», «чач сылар», «жээн табак», «кемпир өлдү» жана башка көптөгөн жөрөлгөлөрү биринчи жолу изилденди. Той учурундагы салттуу оюндар ачып көрсөтүлгөн.

Автор тарабынан кыз тойдун аягында кыз узатуудагы ырлар (кошоктор) эл оозунан жыйналды жана аларга сереп жасалды, эң алгачкы жолу илимий айлампага киргизилди. Той аяктап калгандагы ырым-жырымдар, келиндин барган жериндеги той жана тойдон кийинки өткөрүлгөн үрп-адаттар кеңири изилдөөгө алынган.

Кыргыздардын анча көп эмес тобу салыштырмалуу обочолонгон катаал тоолуу бийик жерде жашап, негизги этностун бөлүгүнөн ажырап, көп жылдар бою өзүнчө жашоо жүргүзүүсү жана башка эл менен коңшулаш турушу, алардын чарба жүргүзүү маданиятындагы өзгөчөлүктөр көбүрөөк сактала тургандыгы далилденген.

**3. Диссертацияда белгиленген илимий жыйынтыктардын, корутундунун негиздүүлүгү жана ынанымдуулугу.**

Изденүүчү диссертациялык изилдөөсүндө илимий теориялык, методикалык усулдарды пайдаланган. Коргоого сунушталган жоболор менен

чыгарылган тыянактар эмгекте обьективдүү маалыматтар арбын экендигин көрсөтөт. Этнография илиминин негиздерине жана тарыхый булактарга таянып ынанымдуу тыянактарды чыгара алган:

1. Жыйынтык. Автор тарабынан теманыны актуалдуулугу конкреттүү көрсөтүлгөн. Изилдөөнүн максаттары тапшырмалары туура, так коюлган.
2. Жыйынтык. XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы Памирде болгон чет элдик жана орус окумуштуулары жазган маалыматтар чагылдырылган эмгектерге терен, туура, так тарыхнаамалык сереп салынган.
3. Жыйынтык. Автор булактык база катары сурамжылоо, даректүү этнографиялык видео тасма, архивдик жана фольклордук маалыматтар менен катар фотодокументтерди да аныктаган.
4. Жыйынтык. Диссертант эң алгачкылардан болуп өзүнүн жеке талаа этнологиялык экспедициялык материалдарынын негизинде, 2015-2018-жж. аралыгында Памир (Сары-Кол) кыргыздарынын арасында кошо жашап, алардын кылган иштерин, чарбасын, каада-салттарын сурамжылап, анын негизинде материалдарды топтоп илимий ишти жазган.
5. XIX к. - аягы XX к. башындагы Сары-Кол ( Чыгыш Памир) өрөөнүндө жашаган кыргыздардын үй-бүлө куруу салты, кудалашуунун формалары, тойго даярдыктар, тойдун жүрүшү, колуктунун үйүндөгү той, тойдо тамак аш тарттуу каада-салттары, кийилүүчү кийимдер, келиндин келген жериндеги той жөрөлгөлөрү алгачкылардан болуп изилдеген.
6. Үйлөнүү тойдун кийинки жөрөлгөсү - «нике той» колуктунун атасынын үйүндө өткөрүлүп, анда «куржун», «кайнене чыкпас», «тогуз табак», «сырга салды», «чач сылаар», «келин покчо», «күйөө жанчи», «күйөө баланын маңдайын тердетүү», «нике кыюу» ж.б. көп салттык үрп-адаттар менен коштолгондугу, ал эми жөрөлгөлөр, үрп-адаттык бул топтомдор түрдүүчө кооз жана терең мазмундуу бөлүгү болгондугун аныктаган.
7. Үйлөнүү салтанатынын өзү татаал үрп-адатка ээ болуп, ичине салттуулукту да, көптөгөн оюн, чоң тамаша-мелдештерден тургандыгын,

үйлөнүү тойду татыктуу өткөрүш үчүн атайын улуттук оюндар ойнолгон жана ошондой эле тойдо элдик оозеки чыгармалардан, арзуу жанрындагы ырларды кеңири жазган.

**4. Изилдөөнүн ички бүтүндүгү.**

Диссертациялык иштин жана илимий тыянактардын ички бүтүндүгүн изилдөөнүн обьектиси менен предметинин туура аныкталышы, иштин максаты менен милдеттеринин мыкты коюулушу иштеги ыраттуулукту сактап турат. Коюлган максатка жетишүүгө жана милдеттердин ийгиликтүү чечилишине иштин так түзүлгөн структурасы да шарт жараткан.

**5. Диссертациялык практикалык мааниси, андагы системалаштырылган материалдар, теориялык сунуштар.**

Диссертациялык эмгектин жыйынтыктарын тарых,этнография, адабият, фольклор, маданият таануу дисциплиналары боюнча даярдала турган жалпыланган изилдөлөрдө колдонууга болот. Кыргыз элинин руханий жана салттуу маданияты терең изилденип, Борбордук Азия аймагында жашаган түрк тилдүү элдер менен окшоштуктары, этногенетикалык байланыштары жана жалпы тагдырлары бир болгондугун көрсөтөт. Үйлөнүү үрп-адатындагы өзгөрүүлөр, салттуу үрп-адаттардын сакталуу шартында өтүп, бирок жаңылары менен толукталып келген. Үйлөнүү элдик салттарын терең изилдөө, аныктоо жана сактоо кыргыз элинин маданий мурастарынын негизги бир бөлүгү катары, андан ары өнүгүүсүнө жагымдуу таасир берет. Мындан сырткары, бул изилдөөнүн натыйжаларын окуу жайлар үчүн окуу китептерди жазууда, лекцияларды окууда колдонууга болот.

**6.Диссертацияда мазмунунун автордун жарыяланган эмгектерде тастыкталышы.**

Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары Кыргыз Респуликасында өткөн республикалык, эл аралык илимий конференцияларда жана семинарларда доклад катары баяндалган жана талкууланган.Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы: Диссертациялык иштин негизги жоболору илимий тезистер,

макалалар катары ата мекендик жана чет элдик басылмаларда жалпысынан 12 макала, анын ичинде РИНЦ системасына кирген 9, Web of Science системасына кирген 1 илимий макала журналдарда чыгарылган.

7. **Авторефераттын мазмунунун диссертациялык иштин мазмунуна дал келүүсү.**

Теманыны максаты жана милдеттери авторефераттын текстинде толук чагылдырылган. Автореферат кыргыз жана орус тилинде жарыяланып, алар кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмелер менен жабдылган.

8. **Талапкерге каалоолор жана сунуштар.**

1. Диссертацияда айрым бир стилистикалык, грамматикалык мүчүлүштүктөр кездешкендиктен кол жазманы редакциялап чыгуу зарыл.
2. Изилдөөнүн “Сары-Колдогу (Чыгыш Памирдеги) кыргыздарды изилдөө тарыхы” (I БАП) деген бөлүмүндө изилденип жаткан теманын тарыхнаамасына сереп салууда көбүрөөк аталган аймактын тарыхына байланышкан жалпы мүнөздөгү изилдөөлөргө кеңири орун берилип калган.
3. Иштин “Изилдөөнүн булактары, методологиясы жана методдору ”( II БАП) изилдөөнүн обьектиси жана предмети өзүнчө бөлүм катары берүүнүн ордуна, кыскача эле көрсөтүп коюу жетиштүү болмок" “обьективдүүлүк методологиясы” деген түшүнүктүн ордуна принциптери деп берилиши абзел

9. **Кыргыз Республикасынын окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө жобосунун 2-бөлүгүндө айтылгандай талаптарга диссертациянын жооп бериши.** Диссертациялык иш илимий-теоретикалык жана методикалык жактан тиешелүү деңгээлде жазылып, коюлган темасына ылайык кыргыз этнология илиминде комплекстүү изилдеген, ошондой эле өз нугу менен аткарылган илимий эмгек болуп саналат.

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин “Тарых’’ кафедрасы Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын “Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты” (XIXк. аягы - XXк. башы) деген темадагы 07.00.07. этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

**Корутунду пикир:** Б.Осмонов атындагы Жала-Абад мамлекеттик университетинин “Тарых’’ кафедрасынын 2021-жылдын №13 кезексиз өткөн атайын отурумунда талкууланды ( протокол №13, 21-апрель, 2021-жыл).

Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси: т.и.к., доцент Э.А.Авазов, т.и.к., доцент Э.Сулайманов, т.и.к., доцент К.Айдаркулов, т.и.к., доцент Г.А.Анарбаева, т.и.к., доцент м.а. К.А.Халматов, окутуучу А.А.Токтогулов, окутуучу М.К.Умарова.

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик**
**университетинин “Тарых’’ кафедрасынын**
**башчысы, т.и.к., доцент:** **Авазов Э.А.**

**Катчы:** **Умарова М.К.**

**Кол тамгаларын тастыктаймын:**
**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик**
**университетинин кадрлар бөлүмүнүн**
**башчысы:** **Б.Б.Осмонова**

Вх. 04-8/25
27.04.21
Уч. секр. ДС 07.21.628